**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №18**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл аймагындагы жер аянтынын категориясын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 21-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренине негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 07-ноябрындагы 01-15/335 сандуу «Багыш айыл аймагынан Октябрь айылында жайгашкан №170 контурунан жаңы курулуп жаткан таза суу скважинасына 400 чарчы метр жер аянтына ажыратууга жана муниципалдык менчик укугун таануу үчүн, «Айыл чарба багытындагы жерлери» категориясынан «Өнөр жай, транспорт, байланыш,коргоо жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап, Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл аймагынан Октябрь айылында жайгашкан №170 контурунан жаңы курулуп жаткан таза суу скважинасына 400 чарчы метр жер аянтын «Айыл чарба багытындагы жерлери» категориясынан «Өнөр жай, транспорт, байланыш,коргоо жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга (трансформациялоого)макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Түгөйбеков Нурсултанга милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан Жалал-Абад областык юстиция органдарынан каттоодон өткөндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**